DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-242-248
УДК: 81:316.647.5

***Гапарова Г. И.***, *аспирант*
*gaparova8282@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-3769-8202*
*А. Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУ*
*Ош ш., Кыргызстан*

# ЧЕТ ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИ ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО

*Макалада чет тилин үйрөнүү процессинде студенттерди толеранттуулукка тарбиялоо каралат. Адамзаттын индустриялык коомдон маалыматтык коомго өтүү баскычына кириши илимди, билимди жана маданиятты камтыган руханий фактордун ролун кескин жогорулатат. Ошондой эле ааламдашуу жана көп түрдүүлүк шартында студенттер арасында маданий толеранттуулукка тарбиялоо билим берүү процессинин маанилүү аспектиси болуп саналат. Чет тилин үйрөнүү тил көндүмдөрүн гана өнүктүрбөстөн, башка элдердин маданиятын, каада-салтын жана үрп-адаттарын тереңирээк изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Башкаларга карата эмпатияны жана демократияны жайылтуучу ыкмалар жана анын ичинде интерактивдүү иш-чаралар, маданияттар аралык алмашуу жана изилдөө долбоорлору талкууланат. Билим берүү реформасына киргизилген ийгиликтүү практикалар колдонулат. Жыйынтыгында окуу процессинде толеранттуулукка тарбиялоо, аны ишке ашыруу боюнча сунуштар берилет. Окуу процессине маданий аспектилерди интеграциялоо студенттерди глобалдашкан коомдо жашоодо маданияттуу жана сабырдуу болуу менен, ар кандай коомдук жайларда өзүн алып жүрүүнү жана коомго сый мамиле жасоону камсыз кылат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *толеранттуулук, каада-салт, үрп-адат, маданият, интерактивдүү, долбоор, руханий фактор, эмпатия, демократия, ыкма, реформа, интеграциялоо, процесс, логика, индивидуалдуу, жашоо образ, глобалдуу, заманбап.*

***Гапарова Г. И.***, *аспирант*
*gaparova8282@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-3769-8202*
*ОшГПУ им. А. Ж. Мырсабекова*
*г. Ош, Кыргызстан*

# ВОСПИТАНИЕ ТОЛЕРАНТНОСТИ У СТУДЕНТОВ В ПРОЦЕССЕ ИЗУЧЕНИЯ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА

*В этой статье рассматривается проблема воспитания толерантности у студентов в процессе изучения иностранного языка. Вступление человечества в фазу перехода от индустриального общества к информационному резко увеличивает роль духовного фактора, который включает науку, образование и культуру. Также важным аспектом образовательного процесса является воспитание культурной толерантности среди учащихся в условиях глобализации и разнообразия. В статье рассматривается роль изучения иностранного языка не только в развитии языковых навыков, но и в более глубоком изучении культуры, традиций и обычаев других народов. Будут обсуждены методы, способствующие сочувствию и демократии по отношению к другим, включая интерактивные мероприятия, межкультурный обмен и исследовательские проекты. Применяются успешные практики,*

*включенные в реформу образования. В результате даются рекомендации по воспитанию, реализации и уважению толерантности в процессе обучения. Интеграция культурных аспектов в учебный процесс гарантирует, что учащиеся будут вести себя в различных общественных местах и относиться к обществу с уважением, оставаясь при этом культурными и терпимыми в жизни в глобализированном обществе.*

***Ключевые слова:*** *толерантность, традиция, обычай, культура, интерактивный, проект, духовный фактор, сочувствие, демократия, метод, реформа, интеграция, процесс, логика, индивидуальный, образы жизни, глобальный, современный.*

***Gaparova G. I.****, graduate student*
*gaparova8282@gmail.com*
*ORCID: 0009-0007-3769-8202*
*Osh State Pedagogical University named after A. Zh. Myrsabekov*
*Osh city, Kyrgyzstan*

## FOSTERING TOLERANCE AMONG STUDENTS IN THE PROCESS OF LEARNING A FOREIGN LANGUAGE

*This article discusses the education of tolerance among students in the process of learning a foreign language. The entry of mankind into the phase of transition from an industrial society to an information one dramatically increases the role of the spiritual factor, which includes science, education and culture. Also, an important aspect of the educational process is the education of cultural tolerance among students in the context of globalization and diversity. The article examines the role of learning a foreign language not only in the development of anguage skills, but also in a deeper study of the culture, traditions and customs of other peoples. Methods that promote empathy and democracy towards others, including interactive activities, intercultural exchange and research projects, will be discussed. Successful practices included in the education reform are being applied. As a result, recommendations will be given on education, implementation and respect for tolerance in the learning process. The integration of cultural aspects into the educational process ensures that students behave in various public places and treat society with respect, while remaining cultured and tolerant in life in a globalized society.*

***Key words:*** *tolerance, tradition, custom, culture, interactive, project, spiritual factor, empathy, democracy, method, reform, integration, process, logic, individual, lifestyle, global, modern.*

Киришүү. Толеранттуулукка тарбиялоо бүгүнкү күндө бир катар гуманитардык илимдер үчүн эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Ааламдашуу жана маданий көп түрдүүлүк барган сайын көрүнүктүү болуп бараткан азыркы дүйнөдө студенттерди толеранттуулукка тарбиялоо — билим берүү процессинин маанилүү милдети. Чет тилин үйрөнүү студенттерге башка өлкөнүн маданияты, тарыхы жана каада-салттары менен таанышууга өзгөчө мүмкүнчүлүк берет. Тилди билүү адабиятка, киного, музыкага жана искусствого жол ачат, бул башка элдердин дүйнө таанымын жана баалуулуктарын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Чет тилин үйрөнүү бул процессте негизги ролду ойнойт, анткени ал тил көндүмдөрүн өздөштүрүүгө гана эмес, башка маданияттарды жана каада-салттарды урматтоого өбөлгө түзөт [1,92].

Ошондой эле заманбап билим берүү проблемалары боюнча көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында, жаштарды толеранттуулукка тарбиялоо – эң актуалдуу милдеттердин бири. Ар бир билим берүү баскычында мындай багытта тарбиялоо проблемалары конкреттүү усулдар, студенттин өзгөчөлүгүнө жараша болууда. Чет тилин үйрөнүү тил билүү менен гана чектелбестен, маданияттар аралык

кызматташтыкты өнүктүрүүгө да мүмкүнчүлүк берет. Чет тилин өздөштүрүүдө студенттер өздөрүнүн социалдык-маданий мейкиндигин кеңейтүүгө жана өз маданиятынын, ошондой эле окуп жаткан тилдин маданиятынын маданий-тарыхый субъектилери катары өздөрүн таанууга мүмкүнчүлүк алышат. Белгилей кетсек, студенттерди тилге даярдоонун негизинде толеранттуулукка тарбиялоонун маанилүү багыттары болуп окутуу саналат. Маданият аралык коммуникациянын теориялык жоболорун эске алуу менен (ар кандай маданияттарга жана тилдерге таандык баарлашуу боюнча өнөктөштөрдүн өз ара аракеттенүүсүнүн конкреттүү процесстеринин жыйындысы катары түшүндүрүлөт) студенттерди маданият аралык байланыштын жана билим берүү процессинин субъектиси катары калыптандыруу зарыл.

Изилдөөнүн объектиси жана изилдөө усулдары. Изилдөө объектиси болуп чет тилин окутуу процесси жана анын студенттерде толеранттуулукту калыптандырууга тийгизген таасири саналат. Буга тилдин лексикалык жана грамматикалык аспектилери, ошондой эле башка маданияттарды түшүнүүгө жана урматтоого өбөлгө түзгөн маданий элементтер кирет. Изилдөө методдору төмөнкүлөрдү камтыйт.

Анкета – толеранттуулук жана маданияттар аралык байланыш жөнүндө студенттердин пикирлери тууралуу маалыматтарды чогултуу. Студенттерди байкоо класста өз ара аракеттенүүсүн жана толеранттуулукка тарбиялоого кандай мамиле жасаарын түшүнүү үчүн окуу процессине көз салуубуз керек. Окуу материалдарын талдоо – окуу китептери жана башка ресурстар толеранттуулук жана маданий көп түрдүүлүк темаларына канчалык басым жасаарын аныктоо. Кейс-методдор – окутуу процессинде толеранттуулукка тарбиялоонун ийгиликтүү практикасынын конкреттүү мисалдарын изилдөө. Фокус-топтор – студенттердин кабылдоосу жөнүндө тереңирээк талкуулоо жана кеңири маалымат алуу. Бул ыкмалар чет тилин үйрөнүү толеранттуулукту жана маданияттар аралык түшүнүктү өркүндөтүүгө кандайча жардам берерин аныктоо үчүн бир канча оюндун түрлөрүн карасак болот.

Тема боюнча иштөө “My working day” (Менин жумуш күнүм). Студенттер келечектеги кесибинде боло турган кырдаалды тууураган бизнес оюнуна катышат. Алар чакан топторго бөлүнүшөт. Экономистер, бухгалтерлер, менеджерлер жана чет элдик журналисттер болуп топтордун аты менен бөлүнүшөт. Оюн интервью түрүндө өтөт. Ар кандай кесиптеги адамдар жумушу, эс алуусу, күнүмдүк жашоосу тууралуу айтып беришет. Өзү жөнүндө гана билдирбестен, чет өлкөлөрдөгү эмгек шарттары, дем алуу жана турмуш-тиричиликтери жөнүндө кабардар болушат жана бири бирине суроо беришип, андан сырткары, бирөө журналист болуп алардан суроо жооп жүргүзөт.

Теманы изилдеп жатканда студенттер “My day off” (Менин эс алуу күнүм) деген темада дебатка чыгышат: «Television: for and against» (телекөрсөтүү: оң жана терс жактары). Студенттер кичи топторго бөлүнүп, алар дебатта телевизордун артыкчылыктарын жана жетишсиздигин табышат.

Тема “My University” (Менин университетим) өзү жана башка адамдарга карата студенттердин толеранттуулук, жаман мамиле тарбиясы жөнүндө жарнамалыкката жыйынтыгын баалоого мүмкүндүк беришет. Адам көп учурда: "Башкалар менин көз карашымды бөлүшөбү?" деп ойлойт. Бул суроого жооп берүү үчүн студенттер колдоруна кагаз алышат. Андан соң кагазды тигинен үч графага бөлүү сунушталат. Биринчи графада "Мен өзүмдү кандай адам катары көрөм?" деп эпитеттин он сөзүн

жазышат. Экинчи графада ошол эле суроого ата-энелери кандай жооп берерин белгилешет. Үчүнчү графага ошол топтун мүчөсү жооп берет. Студенттер бири бирин кандай сөздөр менен мүнөздөшкөндөрүн, оң же терс мүнөздөмөлөрдөн башташканын жана бул мүнөздөмөлөрдүн өз ара кандай байланышы бар экенин көрүү маанилүү болот. Дайыма эле биз студенттер, мисалы, кечигип калса же китебин унутуп калса, ошол учурда "Сен качан эле сөзүнө турдун эле, сен качан кечикпей келген күнүң болобу? Сенин шылтооң түгөнөбү" деген студенттердин кыжырын келтирген суроолорду берген сайын аларды биз толеранттуулука тарбиялабай эле, аларга терс көрүнүштөрдү көрсөтөбүз.

Акырында, толеранттуулукту тарбиялоонун акыркы этабын студенттерге колдонуп көргөнүбүздө натыйжалуу этап болду. Бул этапта эксперименттик топ студенттеринин толеранттуулук компоненттерин өнүктүрүүнүн көрүнүктүү оң динамикасы жана алардын толеранттуулук деңгээлин жалпысынан жогорулатуу аныкталат [5, 91-б.].

Эксперименттик топ студенттердин эксперименттик ишке чейинки жана андан кийинки толеранттуулук компоненттеринин өнүгүү деңгээлинин динамикасынын пайыздык көрсөткүчүн текшергенде, ал төмөнкү таблицаны көрсөттү (таблица 1)

| **Толерантуулук компоненти** | **Деңгээли** | **Эксперименттик тайпа** | |
|---|---|---|---|
| | | **тажрыйба-эксперименттик иштер** | **тажрыйба-эксперименттик иштер** |
| Эмоционалдуу | Жогору | 10,1 | 20,2 |
| | Орто | 31,1 | 43,2 |
| | Төмөн | 49,8 | 28,5 |
| Когнитивдүү | Жогору | 23,1 | 34,6 |
| | Орто | 42,3 | 50,0 |
| | Төмөн | 34,6 | 15,4 |
| Жүрүм-туруму | Жогору | 18,2 | 33,6 |
| | Орто | 39,2 | 51,9 |
| | Төмөн | 37,2 | 10,5 |

Иштин жыйынтыгын талдап көрсөк, студенттерде инсандын руханий–адеп-ахлактык чөйрөсүн өркүндөтүүгө болгон туруктуу муктаждык байкалды деген жыйынтыкка келдик. Алар ушундан кийин бири биринин көйгөйлөрүн сезишип, башка адамдарга да көңүл буруп, өзүнө болгон ишенимдин деңгээлин жогорулатты. Студенттер бири бирин кунт коюп угууну үйрөнүштү жана башка адамдардын көз карашын да ойлогонго жетишти. Ошентип, эксперименттин натыйжалары толеранттуулукту калыптандыруунун сунушталган методикасынын натыйжалуулугун жана аны ЖОЖдук билим берүү процессинде колдонуунун максаттык айырмасын тастыктады.

Бул маселеге көңүл буруу, негизинен, коомдун суроо-талабы менен шартталган, студенттердин ортосундагы өз ара мамилелерди гармониялаштыруунун жана алардын өз ара аракеттенүүсүнүн сапатын жогорулатууга, анын ичинде толеранттуулукка багыттоо. Билим берүү системасы ар дайым коомчулуктун кызыкчылыгында иштейт,

албетте, бул суроо-талапка жооп бербей коё албайт жана аны канааттандыруу мүмкүнчүлүгүн издейт. Педагогикалык билим берүү толеранттуулукту калыптандыруу үчүн чоң мааниге ээ. Анткени толеранттуулук – башка адамдардын ой-пикирлерин, ишенимдерин жана үрп-адаттарын кабыл алууга жана урматтоого даярдык [2, 214-б.].

Көп маданияттуу коомдун шартында ар түрдүү маданияттын өкүлдөрү менен тил табыша билүү зарыл болуп калат. Бул, айрыкча, эл аралык чөйрөдө кесиптик ишмердүүлүккө даярданып жаткан студенттерге тиешелүү. Толеранттуулук деген сөздү "Tolerantia" латын тилинен которгондо, чыдамдуулук, сабырдуулук дегенди билдирет. Толеранттуулук – биздин дүйнөнүн, өзүн билдирүүнүн формаларын жана адамдык жекечеликтин көрүнүштөрүнүн ыкмаларынын көп түрдүүлүгүн урматтоону, кабыл алууну жана туура түшүнүүнү билдирет. Аны билим, ачыктык, баарлашуу, ой-пикирлердин, абийирдин жана ынанымдардын эркиндиги шарттайт [3, 110-б.]. Толеранттуулук болуп адамзаттын жеке өзгөчөлүк көрүнүшүн, формасын жана маданиятынын көп түрдүүлүгүн түшүнүү, кабыл алуу жана аларга сый-урмат менен мамиле кылуу саналат. Кыргыз дүйнө таанымында толеранттуулук бир катар айрым сапаттарды: жөнөкөй айтканда, адамдардын сабырдуулугун жана боорукердигин туюндурат. Толеранттуу адамды адамдык сапаты жагынан бийик деп саноого болот. Анткени ал адамдан төмөнкү сапаттарды көрүүгө болот:

- ✓ сабырдуу жана боорукер;
- ✓ кичи пейил жана кечиримдүү;
- ✓ айланадагы адамдарды кимчиликтери менен кабыл алуу жана эмпатия;
- ✓ башка адамдардын укугун жана эркиндигин сыйлоо;
- ✓ бирге аракеттешүү;
- ✓ шериктештик принциптерин жана мамилелердин тендештигин колдоо ж. б.

Бул факторлорду өзүнө камтыган адам идеалдуу болуп саналат да, адамдын мүнөзүндөгү толеранттуулук маанилүү экендигин далилдейт.

Чет тилин үйрөнүү башка маданиятка сүңгүүгө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет. Студенттер грамматиканы жана лексиканы гана үйрөнбөстөн, тилин үйрөнүп жаткан өлкөнүн адабияты, искусствосу, үрп-адаттары жана каада-салттары менен таанышат. Бул ага горизонтторду кеңейтүү жана ар кандай маданияттарды түшүнүүнү жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Өз идеяларын жана стереотиптерин сын көз караш менен баалоону үйрөнөт.

Толеранттуулукка тарбиялоо ар кандай ыкмалар аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн: Долбоордук иш-чаралар: студенттер менен биргелешип эл аралык долбоорлорду түзүү маданий баалуулуктарды жана тажрыйбаларды алмашууга мүмкүндүк берет. Тегерек стол жана дебаттар: маданий айырмачылыктарга байланыштуу актуалдуу темаларды талкуулоо студенттерге өз пикирлерин айтууга жана талашып тартышууга жардам берет. Ролдук оюндар: ар кандай маданий кырдаалдарды сахналаштыруу эмпатияга жана башка адамдардын көз карашын түшүнүүгө жардам берет. Билим берүү мекемелеринде толеранттуулукка тарбиялоого багытталган ар кандай программалар киргизилүүдө. Мисалы, студенттер эне тилинде сүйлөгөндөр жана чет өлкөлүк студенттер менен жолугушууларды жана маданий алмашууларды уюштурат. Мында тилди үйрөнүүгө гана эмес, башка маданияттар менен түздөн-түз өз ара аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эң башкысы, аша чаппай, башкача ойлогон адамдардын оозун жабуу үчүн, айрым темаларды сындоого, жада

калса талдоого тыюу салуу үчүн курал катары колдонууга болбойт. Жашоого көз карашты, илимий божомолдорду, атүгүл, диний көз караштарды жана башка нерселерди талашып-тартышуу – бул ар бир адамдын укугу. Дал ушул толеранттуулук окутуучуга окутуунун психологиялык жактан ыңгайлуу чөйрөсүн түзүүгө, студенттер менен өз ара мамилелерди сабаттуу түзүүгө жана аларга өз мисалында ачууну, эмпатияны, конструктивдүү диалогго багытталгандыкты жана ар кандай конфликттерден качуу же оперативдүү чечүү жөндөмүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берет [5, 83-б.].

Окутуучунун толеранттуулугу ар бир студенттин индивидуалдуулугун сактоону камтыган инсандын субъективдүүлүгүн жана полисубъективдүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндө заманбап педагогиканын глобалдык идеяларын ишке ашыруунун зарыл шарты болуп саналат, анын өзүн-өзү аныктоо, өзүн-өзү тастыктоо жана өзүн-өзү билдирүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү. Стереотиптер көбүнчө башка маданияттар жөнүндө маалыматтын жетишсиздигинен келип чыгат. Чет тилин үйрөнүү мифтерди жана бир жактуулукту жоюуга жардам берет, анткени студенттер эне тилинде сүйлөгөндөрдүн чыныгы жашоосу, үрп-адаттары жана каада-салттары жөнүндө билишет. Бул башка элдердин объективдүү кабылдоосуна өбөлгө түзөт. Сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандырууда тилди изилдөө ар кандай маданий контексттерди талдоону камтыйт, бул сынчыл ой жүгүртүүнү өркүндөтөт. Студенттер маалыматты кабыл алууну гана эмес, аны талдоону да үйрөнүшөт, бул маданий айырмачылыктарды тереңирээк баалоого өбөлгө түзөт. Көп тилдүү чөйрөнү түзүү тил алмашууга, эл аралык долбоорлорго жана маданий иш-чараларга катышуу көп тилдүү жана көп маданияттуу чөйрөнү түзүүгө жардам берет. Мындай атмосферада студенттер көп түрдүүлүккө туш болушат, бул аларга толеранттуулуктун жана айырмачылыктарды сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам берет. Ийгиликтүү практиканын мисалдары катары көптөгөн университеттерде студенттер көп улуттуу топтордо иштеп, чет тилдеги талкууларга катышкан курстар киргизилгенин көрсөтүүгө болот. Бул тил көндүмдөрүн жакшыртууга гана эмес, маданияттар аралык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө жардам берет.

Ошондой эле биздин студенттер башка өлкөнүн университеттерине барып мобилдүүлүк программасы менен алмашып окушса, компетенттүүлүгүн жогорулатат. Глобалдык маселелер жана маданий айырмачылыктар талкууланган эл аралык конференцияларга жана семинарларга катышуу да чоң өбөлгө берет. Чет тилин үйрөнүү – студенттерде толеранттуулукту калыптандыруунун күчтүү куралы. Ал көп түрдүүлүктү урматтоого өбөлгө түзөт жана маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн калыптандырат, ошондой эле стереотиптерди жеңүүгө жардам берет. Билим берүү мекемелери толеранттуулукка тарбиялоого багытталган усулдарды жана практикаларды активдүү ишке ашыруусу маанилүү, бул студенттерди көп улуттуу өлкөдө жашоого даярдоого жардам берет [4, 110-б.].

Ошону менен эле бирге сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандыруу жана аныктоо деген – маалыматты талдоо, аргументтерди баалоо, бир жактуулукту аныктоо жана негиздүү чечимдерди кабыл алуу. Бул студенттерге курчап турган дүйнө менен аң-сезимдүү мамиле түзүүгө мүмкүндүк берген маданияттардын жана идеялардын ар түрдүүлүгүндөгү маанилүү көндүм болуп саналат.

**Жыйынтыктоо**

Чет тилин үйрөнүү процессинде студенттерди толеранттуулукка тарбиялоо – бул тынч жана сый-урматтуу коомду түзүүдөгү маанилүү кадам. Билим берүү мекемелери көп түрдүүлүктү урматтоону калыптандырууга жана маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү методдорду жана практикаларды активдүү киргизүүгө тийиш. Бул студенттердин жеке тажрыйбасын гана байытпастан, аларды глобалдашкан дүйнөдө жашоого даярдайт.

Азыркы дүйнөдө толеранттуулук принципиалдуу маанилүү сапат болуп саналат, көбүнчөсү жашообуздун туруктуулугунун жана тартиптүүлүгүнүн деңгээлин аныктайт. Албетте, толеранттуулукка тарбиялоо бала кезинен, үй-бүлөдөн башталышы керек. Бул фактылар ЖОЖдун окутуучусунун толеранттуулукту калыптандырууга багытталган тарбиялык иштеринин потенциалдуу жогорку өнүмдүүлүгүн аныктайт. Педагогикалык билим берүү үчүн толеранттуулукту өнүктүрүү маселеси чоң мааниге ээ. Педагогикалык толеранттуулук – мугалимдин кесиптик жактан маанилүү сапаты, анын этикалык маданиятынын ажырагыс элементи, ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун маанилүү фактору. Бул окуу дисциплинасынын өзгөчөлүгү, тактап айтканда, мүмкүнчүлүктөрү менен шартталган:

1) маданияттар диалогунун концепциясын ишке ашыруу;
2) кеңири жана ар түрдүү коммуникативдик практиканы камсыз кылуу;
3) окутуунун мазмунун баалуулукка багыттоо.

Студенттерди кеңири коммуникативдик практика менен камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Чет тилин үйрөнүү процессинде алардын инсандар аралык тажырыйбасын байытуу жана башка өз ара аракеттенүү келечектеги педагогдор үчүн натыйжалуу окутуу жана тарбиялоо үчүн зарыл болгон коммуникативдик толеранттуулукту өнүктүрүүгө олуттуу салым кошот. Эгерде мугалим зарыл болгон тактыкка ээ болсо, ошондой эле окуучунун позициясына урматтоо менен мамиле кылса, анын бардык алгылыктуу көрүнүштөрүндө индивидуалдуулукка болгон укугун тааныса, мындай диалог жемиштүү боло алары айкын көрүнүп турат. Демек, "чет тили" дисциплинасы таасирдүү гуманитардык потенциалга ээ, аны сабаттуу ишке ашыруу келечектеги педагогдорду кесиптик даярдоонун алкагында алардын кесиптик-этикалык маданиятын калыптандырууга жана, атап айтканда, педагогикалык толеранттуулукту өнүктүрүүгө олуттуу деңгээлде өбөлгө боло алат.

**Адабияттар:**

1. Безюлева, Г. В. Толерантность в педагогике [Текст] / Г. В. Безюлева. - М., 2002.
2. Кыргыз Совет энциклопедиясы [Текст]. - Фрунзе, 1980.
3. Шербаева, Ж. Р. Сабырдуулук сабактары [Текст] / Ж. Р. Шербаева. -Бишкек, 2016.
4. Зеленовская, А. В. Воспитание толерантности студентов в процессе обучения иностранному языку [Текст] / А. В. Зеленовская, С. А. Трофименко. - Минск: Белорусский государственный университет, 2012.
5. Желнович, О. В. Воспитание толерантности студентов в процессе изучения иностранного языка [Текст] / О. В. Желнович. - М., 2010.